“Кайсы бир мусулман жакшылап даарат алып, анан жүзү менен да, жүрөгү менен да берилип эки ирекет намаз окуса, анын бейишке кирүүсү анык болот”

Укба бин Амр (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Биз төөнү кезек менен кайтарчубуз. Бир күнү менин кезегим келип, кечинде төөлөрдү айдап келип жуушатып коюп келсем, Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тике туруп адамдарга сүйлөп жаткан экен. Мен келип анын минтип айтып жатканын угуп калдым: “Кайсы бир мусулман жакшылап даарат алып, анан жүзү менен да, жүрөгү менен да берилип эки ирекет намаз окуса, анын бейишке кирүүсү анык болот”. (Аны угуп): Кандай жакшы сөз... – деп жибердим (сүйүнүп). Менин жанымда турган киши: Мындан мурдагы айтканы мындан да жакшы болчу, – деди. Карасам, ал Умар (ага Аллах ыраазы болсун) экен. Ал мага карап: Сенин эми эле келгениңди көрдүм, сага чейин ал: “Кимдир бирөөңөр жакшылап толук даарат алып, анан: “Ашхаду ан лаа илааха иллаллааху ва анна Мухаммадан аъбдуху ва расуулуху” деп айтса, ага бейиштин сегиз эшиги ачылып алардын каалаганынан кирет” деп айтты" – деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдарга сүйлөп жатып эки чоң маанилүү нерсени айткан: Биринчи: Кимде-ким даарат алганда толук даарат алып, жеткиликтүү кылып сүннөттө көрсөтүлгөндөй ар бир мүчөнүн акысын берип кемчиликсиз даарат алса, анан: Ашхаду аллаа илааха иллаллаху ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расуулуху деп келме айтса, ага бейиштин сегиз эшиги ачылып, алардан каалаганынан кирет. Экинчи: Кимде-ким жогоруда айтылгандай толук жеткиликтүү даарат алса, анан чын ыкластан жүзү жана бүт дене мүчөсү менен Аллахка берилип эки рекет намаз окуса, анын бейишке кирүүсү анык болот.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/8388